DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2023

*Жамгырчиев Э.Э.*

# ЖАСАЛМА АКЧА ЖАСООГО КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮДӨ УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ

*Жамгырчиев Э.Э.*

# О ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРАВООХРАНИТЕЛЬНЫХ ОРГАНОВ В БОРЬБЕ С ФАЛЬШИВОМОНЕТНИЧЕСТВОМ

*E. Zhamgyrchiev*

# ON THE ACTIVITIES OF LAW ENFORCEMENT AGENCIES IN THE FIGHT AGAINST COUNTERFEITING

*УДК: 343.378*

*Бул макалада укук коргоо органдары жасалма акча жасоого каршы аракеттенүүдө каржы системасын коргоого жана коомдук коопсуздукту камсыз кылууга багытталган уюштуруучулук-укуктук иш-чаралардын комплексин иштеп чыгууда деп айтылат. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери акча жасалмалоо фактыларын, ошондой эле мындай коомдук коркунучтуу аракеттерди жасоого күнөөлүү адамдарды аныктоодо белгилүү бир кыйынчылыктарга туш болуп жатканы айтылат. Жасалма акча жасоо менен байланышкан кылмыштуу аракеттердин алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча укук коргоо органдарынын алдында турган милдеттердин кеңири чөйрөсү укук коргоо органдарынын кызматкерлеринен бул чөйрөдө билимдүү болуу, атайын билим, көндүм жана тажрыйба сыяктуу белгилүү сапаттарга ээ болууну талап кылат. Мындай сапаттар укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жасалма акча жасоо фактыларын иликтөөдө туура чечим табууга, аларды токтоосуз токтотуу максатында мындай аракеттерге багытталган болжолдуу аракеттер жөнүндө маалыматтарды ыкчам чогултууга, ар бир кылмыштуу аракетти, ошондой эле аларды жасаган адамдарды талдап чыгууга жардам берет. Акча жасалмалоо менен байланышкан кылмыштарды натыйжалуу аныктоо, иликтөө жана бөгөт коюу үчүн ошондой эле жасалма акча жасоого каршы күрөшүүнүн заманбап ыкмаларын жана технологияларын колдонуу, ошондой эле чет мамлекеттердин укук коргоо органдары менен кызматташуу зарыл.*

***Негизги сөздөр:*** *экономикалык кылмыштуулук, жасалма акча жасоо, укук коргоо органдары, коомдук коопсуздук, күнөөлүү адамдар, заманбап ыкмалар, технологиялар, аныктоо, иликтөө.*

*В данной статье говорится о том, что правоохранительные органы в борьбе с фальшивомонетничеством разрабатывают комплекс организационно-правовых мер, направленных на защиту финансовой системы и обеспечение общественной безопасности. Отмечается, что сотрудники правоохранительных органов сталкиваются с определенными сложностями, связанными с выявлением случаев подделки денежных знаков, а также лиц, виновных в совершении таких общественно опасных деяний. Говорится, что широкий спектр задач, стоящих перед правоохранительными органами, связанных с предотвращением и борьбой против преступных действий, связанных с фальшивомонетничеством, требует, чтобы сотрудники правоохранительных органов обладали определенными качествами, такими как образованность, наличие специальных знаний, умений и навыков и опыта работы в этой сфере. Такие качества помогают сотрудникам правоохранительных органов находить правильное решение в расследовании фактов фальшивомонетничества, оперативно собирать информацию о предполагаемых действиях, направленных на такие деяния с тем, чтобы своевременно пресечь их, анализировать каждое преступное деяние, а также лиц, их совершивших, для проведения мероприятий по профилактике. В целях эффективного выявления, расследования и пресечения преступлений, связанных с подделкой денежных знаков необходимо также применение современных методов и технологий для борьбы с фальшивомонетничеством, а также сотрудничество с правоохранительными органами зарубежных стран.*

***Ключевые слова***: *экономические преступления, фальшивомонетничество, правоохранительные органы, общественная безопасность, виновные лица, современные методы, технологии, выявление, расследование.*

*This article states that law enforcement agencies, in the fight against counterfeiting, are developing a set of organizational and legal measures aimed at protecting the financial system and ensuring public safety. It is said that law enforcement officers face certain difficulties associated with identifying cases of counterfeiting banknotes, as well as persons guilty of committing such socially dangerous acts. It is noted that a wide range of tasks facing law enforcement agencies related to the prevention and fight against criminal acts related to counterfeiting requires that law enforcement officers have certain qualities, such as education, special knowledge, skills and experience in this field. sphere. Such qualities help law enforcement officers find the right solution in investigating facts of counterfeiting, quickly collect information about alleged actions aimed at such acts in order to promptly stop them, analyze each criminal act, as well as the persons who committed them, to carry out preventive measures. In order to effectively identify, investigate and suppress crimes related to counterfeiting of banknotes, it is also necessary to use modern methods and technologies to combat counterfeiting, as well as cooperation with law enforcement agencies of foreign countries.*

***Key words:*** *economic crimes, counterfeiting, law enforcement agencies, public security, perpetrators, modern methods, technologies, detection, investigation.*

Укук коргоо органдарынын, ошондой эле башка мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын ишмердиги жасалма акча белгилери менен байланышкан кылмыштуу иш-аракеттерге бөгөт коюу жана ага каршы күрөшүү боюнча милдеттердин кеңири чөйрөсүн өзүнө камтыйт. Бул милдеттер мыйзамдардын аткарылышын сактоону жана камсыз кылууну гана эмес, ошондой эле финансы системасын коргоого жана коомдук коопсуздукту камсыз кылууга багытталган комплекстүү уюштуруу-укуктук чараларды иштеп чыгууну жана ишке ашырууну да өзүнө камтыйт.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Акчаны жасалмалоо учурларын аныктоо белгилүү бир татаалдыктарды жаратат, аларды чечүү үчүн укук коргоо органдарынын кызматкерлери билимдүү болуп, атайын билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө, ошондой эле бул чөйрөдө иш тажрыйбага ээ болгон белгилүү бир сапаттары болуусу зарыл. Мындай сапаттар укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жасалма акча жасоо фактыларын иликтөөдө туура чечим жасоого, мындай жосундарга өз убагында бөгөт коюу үчүн багытталган болжолдонгон аракеттер жөнүндө маалыматтарды ыкчам чогултууга, ар бир кылмыш жосунуна талдоо жүргүзүүгө, ошондой эле аларды жасаган адамдарга алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү үчүн жардам берет.

Жасалма акча жасоого бөгөт коюуда укук коргоо органдарын уюштуруу-укуктук жактан камсыздоо – бул акча белгилерин жасалмалоо менен байланышкан кылмыштарды натыйжалуу табуу, иликтөө жана аларга бөгөт коюу үчүн тиешелүү мыйзамдарды жана ченемдик актыларды иштеп чыгууну жана сактоону, ошондой эле укук коргоо түзүмдөрүнүн ишмердигин уюштурууну камтыган иш-чаралардын системасы. Ошондой эле, бул тутумга жасалма акча жасоого каршы күрөшүү үчүн заманбап ыкмаларды жана технологияларды орнотуу, укук коргоо органдарынын кызматкерлерин окутуу жана даярдоо, башка мамлекеттик жана эл аралык органдар менен кызматташуу, ошондой эле жасалма акчадан каржы тутумунун жана коомдун коопсуздугун сактоо үчүн алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү кирет.

Укук коргоо органдарынын ишмердигин камсыз кылууну түшүнүү ар кандай багыттарда каралышы мүмкүн экендигин белгилей кетүү керек. Алсак, кээ бир авторлордун пикири боюнча, камсыздоо дегенди сөзмө-сөз жашоо мүмкүнчүлүгүн бере турган материалдык каражаттарды түшүнүү керек [1], башка авторлор коргоону камсыз кылуу, кандайдыр бир нерсеге кепилдик берүү керек [2] деген түшүнүктү беришет; ал эми үчүнчүлөрдүн пикири боюнча – бул «көрүлүүчү чаралардын жана каражаттардын жыйындысы, шарттарды түзүү...» [3].

Юридикалык көз караштан алганда, укук коргоо органдарын камсыз кылуу – бул укук коргоо органдарынын ишмердигин коштогон укуктук ченемдер тутумун сактоо болуп эсептелет. Бул укуктук ченемдерди иштеп чыгууну жана аларды өзгөртүүнү гана эмес, ошондой эле укук коргоо органдарынын ишинде белгиленген ченемдерди жана эрежелерди жигердүү сактоону жана колдонууну камтыйт [4]. Укук коргоо органдарын камсыз кылуу коомдогу укук тартиби жана коопсуздук жаатындагы өздөрүнүн милдеттерин аткара алышы үчүн зарыл болгон ресурстарды, шаймандарды, колдоону жана ыйгарым укуктарды берүүнү камтыйт [5].

Укук коргоо органдарын камсыздоо деп мыйзамдуулукту, коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү жаатындагы өз функцияларын жана милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон ар кандай чараларды жана ресурстарды түшүнүү керек. Укук коргоо органдарын камсыздоо өзүнө төмөнкү аспектилерди камтышы мүмкүн:

1. *Материалдык жана техникалык ресурстар*: Курал-жарак, жабдуулар, автоунаа, байланыш, компьютерлер жана укук коргоо органдарынын милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон башка техникалык каражаттар (ыкчам иш-чараларды жүргүзүү, кылмыштарды иликтөө, кайгуул жүргүзүү, коомдун коопсуздугун камсыз кылуу жана башка ыкчам иш-аракеттер).

2. *Кадрлар менен камсыздоо*: Бул укук коргоо органдарын квалификациялуу жана даярдалган кызматкерлер менен камсыз кылууну түшүндүрөт. Бул өз милдеттерин натыйжалуу аткарууга зарыл болгон көндүмдөргө жана билимдерге ээ болуу үчүн укук коргоо органдарында иштеген кадрларды тандоону, окутууну, квалификациясын жогорулатууну жана колдоону өзүнө камтыйт.

3. *Укуктук камсыздоо*: Укук коргоо органдары тергөө амалдарын жүргүзүү, шектүүлөрдү кармоо, кылмыштарга бөгөт коюу жана коомдук тартипти сактоо үчүн зарыл болгон укуктук ыйгарым укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек. Бул өзүнө мыйзамдарды, ченемдерди жана жол-жоболорду сактоону, ошондой эле укук коргоо органдарынын ишмердигин жөнгө салуучу мыйзам актыларын жана ченемдерин иштеп чыгууну жана сактоону камсыз кылууну, ошондой эле кызматтык функцияларды аткарууда жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына кепилдик берүүнү камтыйт.

4. *Финансылык жактан камсыздоо*: Бул бюджеттик каражаттарды жана ресурстарды укук коргоо органдарынын өз функцияларын жана милдеттерин аткара алышы үчүн бөлүп берүүнү билдирет. Мамлекеттик каражаттар жана бюджеттик ассигнованиелер укук коргоо органдарынын ишин, анын ичинде персоналга акы төлөөнү, жабдууларды сатып алууну жана атайын операцияларды жүргүзүүнү каржылоону камсыз кылат.

5. *Технологиялык жактан камсыздоо*: Кылмыштарды иликтөө жана аларга бөгөт коюу үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултууга, талдоого жана алмашууга жардам берген заманбап технологияларга, маалымат базаларына, маалымат тутумдарына жана башка каражаттарга жеткиликтүүлүктү өзүнө камтыйт.

6. *Уюштуруучулук жактан камсыздоо:* Укук коргоо органдарынын ар кайсы бөлүмдөрүнүн жана башка уюмдардын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылган башкаруу структураларын жана механизмдерин түзүү, ошондой эле иш стратегияла-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



рын жана тактикаларын иштеп чыгуу.

7. *Кызматташуу жана маалыматтык ресурстар*: Башка укук коргоо органдары, агенттиктер жана эл аралык уюмдар менен кызматташуу, ошондой эле коркунучтарды иликтөө жана талдоо үчүн маалыматка жана маалымат базаларына жетүү.

8. *Кызматкерлердин коопсуздугун камсыздоо*: Кызматкерлерди коркунучтардан коргоо, анын ичинде жеке жана жамааттык коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу.

Ошентип, укук коргоо органдарын камсыз кылуу аларды укук тартибин сактоодо, кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө жана ага бөгөт коюуда өздөрүнүн милдеттерин аткаруусу үчүн зарыл болгон нерселердин бардыгы менен камсыз кылууга багытталган жана укук коргоо системасынын натыйжалуу иштешин камсыз кылат. Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасы укук коргоо органдарын өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерин натыйжалуу аткарууга мүмкүндүк берүүчү материалдык техникалык каражаттар жана атайын техникалар менен камсыз кылуу зарылдыгын камтыган [6].

Укук коргоо органдарынын бөлүктөрү жасалма акча жасоого каршы күрөшүүнүн уюштуруу-укуктук аспектилери иштелип чыкканына карабастан, олуттуу катачылыктарга жол берүүнү улантып жаткандыгын белгилей кетүү зарыл. Анын ичинде, бөлүктөрдүн кызматкерлери тарабынан кылмышкерлер түзгөн ыкчам пландарды мөөнөтүнөн мурда ачуу, шектүүлөрдү аныктоо мүмкүн болбогондуктан кылмыш иштерин токтотуу жана далил базасынын начардыгынан улам кылмыш иштерин токтотуу учурларына жол берилет. Кылмыштуулуктун бул түрү менен натыйжалуу күрөшүүгө тоскоол болгон тоскоолдуктар да бар. Мындай категориядагы иштер боюнча изилдөө үчүн методикалык иштеп чыгуулардын жетишсиздиги, ошондой эле биргелешкен пландардын иштелип чыкпагандыгы, укук коргоо органдарынын биргелешкен ырааттуу ишмердигинин жоктугу, ишмердиктин багыттарын аткаруунун бүдөмүктүгү жана так эместиги белгиленет.

Белгиленген көйгөйлөр жасалма акча жасоого каршы күрөшүүдө жана укук коргоо органдарынын ишинин натыйжалуулугунда олуттуу көйгөйлөр жөнүндө күбөлөндүрөт. Кылмыштуулуктун мындай түрү менен күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн төмөнкү кадамдарды жасоого болот:

1. Кызматкерлерди окутуу жана квалификациясын жогорулатуу: Балким, укук коргоо органдарынын кызматкерлери жасалма акча жасоого каршы күрөшүү боюнча тереңирээк жана системалуу окутууларга муктаж болушу мүмкүн. Ошондуктан, бул жаатта пайдаланылуучу заманбап методикаларга жана технологияларга алардын жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу зарыл. Жасалма акча жасоого каршы күрөшүү менен алектенген кызматкерлерди үзгүлтүксүз окутуу жана тренингдерден өткөрүү артыкчылыктуу болуп саналат. Бул аларга кылмышкерлер колдонгон акыркы тенденциялар жана ыкмалар менен кабардар болууга жардам берет.

2. Координация жана кызматташуу: Бөлүктөрдүн ишмердигинин ырааттуу эместиги жана функциялардын так эмес аныкталышы күч-аракеттердин кайталанышына жана координациянын жетишсиздигине алып келиши мүмкүн. Жасалма акча жасоону иликтөө боюнча иштеген укук коргоо органдарынын ар кандай бөлүктөрүнүн ортосунда тыгыз өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу зарыл. Бул күч-аракетти кайталабоого жана иштин натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзөт.

3. Усулдук иштеп чыгуулар: Заманбап социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү эске алган усулдук материалдарды иштеп чыгуу жана жайылтуу кызматкерлерге жасалма акча жасоого каршы натыйжалуу күрөшүүгө өз салымын кошот. Бул материалдар ошол жааттагы жаңы ыкмалар жана тенденциялар жөнүндө актуалдуу маалыматты өзүнө камтышы керек.

4. Каталарды талдоо жана практиканы чыңдоо: Бөлүктөр ката кетирген учурларга талдоо жүргүзүү жана келечекте аларды болтурбоо үчүн тиешелүү чараларды иштеп чыгуу маанилүү. Кайтарым байланыштын натыйжалуу механизми жана бөлүктөрдүн ортосундагы тажрыйба алмашуу практиканы чыңдоого жардамын тийгизет.

5. Заманбап технологияларды колдонуу: Маалыматтарды талдоо, жасалма интеллект жана жүздү таануу тутумдары сыяктуу заманбап технологиялар (иликтөөнү жакшыртуу жана тездетүү үчүн) жасалма акчаны аныктоодо жана кылмыштуу схемаларды талдоодо пайдалуу болушу мүмкүн. Аларды иште жайылтуу жана колдонуу иштин натыйжалуулугун олуттуу түрдө жогорулатат.

6. Мониторинг жана талдоо жүргүзүү: Жасалма акча жасоого каршы күрөшүүдө укук коргоо органдарынын иш-аракеттеринин натыйжалуулугуна системалуу мониторинг жана талдоо жүргүзүү зарыл. Бул көйгөйлөрдү тез аныктоого жана стратегияларды тууралоого мүмкүндүк берет.

7. Башка уюмдар менен кызматташуу: Банктар, акча өндүрүүчүлөр жана башка кызыкдар тараптар менен кызматташуу жасалма акча жасоого каршы күрөшүүгө жардам берет.

Жүргүзүлгөн изилдөө акча белгилеринин жасалмалуулугун иликтөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу маселеси боюнча сурамжылоого катышкандардын 66%ы иштердин ушундай категориялары боюнча тергөөчүлөрдү жана ыкчам кызматкерлерди адистештирүү зарылдыгын көрсөткөндүгүн; респонденттердин 82%ы жасалма акча жасоо жөнүндө иштер

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



боюнча атайын бөлүмдү түзүүнүн маанилүүлүгүн белгилешкенин; респонденттердин 69%ы укук коргоо органдарынын иш-аракеттерин координациялоону күчөтүүнү белгилешкенин; жасалма акча жасоого каршы күрөшүүгө кызыкдар башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү жакшыртууга суралгандардын ичинен 44%ы; респонденттердин 49%ы иштердин мындай категориялары боюнча маалыматтарды өз убагында алуунун маанилүүлүгүн белги-лешти.

Укук коргоо органдарын уюштуруу-укуктук жактан камсыз кылуунун алкагында ИИОдо мындай жосундарды иликтөө менен алектенген адистерден турган атайын бөлүм түзүү жолу менен жасалма акча жасоого каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү кызматкерлерди адистештирүүгө көңүл буруу керек деп ойлойбуз. Ички иштер органдарында жасалма акча жасоого каршы күрөшүү менен гана алектенген адистештирилген бөлүмдү түзүү төмөнкүдөй бир нече маанилүү артыкчылыктарга ээ болушу мүмкүн:

- Тергөөдөгү натыйжалуулук: Адистештирилген кызматкерлер жасалма акча жасоо жаатында терең билимге жана тажрыйбага ээ болушат, бул аларга тергөө иштерин натыйжалуу жүргүзүүгө жана кылмышкерлерди аныктоого мүмкүндүк берет. Буга татаал учурларда териштирүү жана жасалма акча жасоонун жаңы ыкмаларын жана схемаларын аныктоо кирет.

- Тергөө амалдарын тездетүү: Жасалма акча жасоого каршы күрөшүү боюнча адистешкен бөлүм окуяларга тез арада чара көрүп, жасалма акча жасоо учурларын ыкчам иликтей алат, бул кошумча чыгымдарды алдын алууга жардам берет.

- Ийгиликтүү натыйжалардын ишенимдүү ыктымалдыгы: Кызматкерлердин адистешүүсүнүн жана терең билиминин натыйжасында, бөлүм коомго жана экономикага келтирилген зыянды азайтып, жасалма акча жасоого бөгөт коюуда жана анын бетин ачууда ийгиликтүү болот.

- Ресурстарды оптималдаштыруу: Адистештирилген бөлүм ресурстарды жана каражаттарды сарамжалдуу пайдалана алат, анткени ал жасалма акча жасоого каршы күрөшүү жаатында так милдеттерге жана артыкчылыктарга ээ болот.

- Кесиптик өнүгүү: Адистештирилген бөлүм кызматкерлерге бул жаатта кесипкөйлүк менен өнүгүүгө, өздөрүнүн билимдерин жана көндүмдөрүн тереңдетүүгө жана кесиптештери менен тажрыйба алмашууга мүмкүнчүлүк берет, бул кесипкөйлүктү жогорулатууга шарт түзөт.

- Координацияны жакшыртуу: Өзүнчө бөлүмдү түзүү укук коргоо органдарынын ичиндеги иш-аракеттерди мыкты координациялоого өбөлгө түзөт жана функциялардын бири-бирине дал келүү же күч-аракеттердин кайталануу мүмкүнчүлүгүн төмөндөтөт.

- Эксперттик билим: Бул бөлүмдүн адистери жасалма акча жасоого каршы күрөшүү үчүн жаңы методикаларды жана технологияларды иштеп чыгып, ишке ашыра алышат, бул болсо мындай кылмыштарга ийгиликтүү бөгөт коюу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат.

- Кесиптик кызматташуу: Адистештирилген бөлүмдү түзүү улуттук банк жана башка (анын ичинде коммерциялык) банктар сыяктуу башка адистештирилген уюмдар менен тыгыз өз ара аракеттенүүгө өбөлгө түзөт, бул маалымат алмашууну жана иш-аракеттерди координациялоону жакшыртат.

- Алдын алуу: Адистештирилген бөлүм ошондой эле жарандарды жасалма акчаны пайдалануу менен алдамчылык аракеттеринен сак болууну эскертип, маалыматтык иштерге жана коомго окутуу иштерин жүргүзүүгө активдүү катыша алат.

Жалпысынан алганда, натыйжалуу уюштуруу-укуктук камсыздоо окутууну, кызматташууну, заманбап технологияларды колдонууну жана практиканы дайыма жакшыртууну кошо алганда, комплекстүү мамилени талап кылган жасалма акча жасоого каршы иштиктүү күрөштө чагылдырылат. Ушундай жол менен гана каталардын санын азайтууга жана бул жаатта укук коргоо органдарынын бөлүктөрүнүн ишмердигинин натыйжалуулугун жогорулатууга болот.

**Адабияттар:**


1. Ефремова Т.Ф. Новый словарь русского языка. Толково-словообразовательный. – М., 2000. [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // https://classes.ru/all-russian/russian-dictionary-Efremova-term-57633.htm
2. Абдукаримова Н.Э. Место и роль правоохранительных органов в борьбе с наркотизмом [Текст] /Н.Э. Абдукаримова // Международный журнал экспериментального образования. 2019. № 3. - 112-116 б.
3. Современный экономический словарь. [Текст] / Сост. Райзберг Б.А., Лозовский Л.Ш., Стародубцева Е.Б., 1999. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: //http://economics.niv.ru/doc/dictionary /economical/index.htm
4. Бялт В.С. Обеспечение прав человека в деятельности правоохранительных органов. [Текст] /В.С. Бялт. - М., 2023. - 238 б. [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: //https://urait.ru/bcode/517888
5. Урбанович А.А. Психология управления: учеб. пособие [Текст] / А.А. Урбанович. - Минск, 2019. – 311 б. - 49 б.
6. Национальная программа развития КР до 2026 года. [Эл. ресурс] – Кирүү режими: // http://www.stat.kg/media/files/3d033353-7e05-42eca282872 2459f5c31.pdf.
7. Жамгырчиев Э.Э. К вопросу об изготовлении, хранении или сбыте поддельных денег или ценных бумаг (фальшивомонетничестве) и ее предупреждении. / Известия вузов Кыргызстана. 2018. №. 9. С. 58-62.